30.08.2018

№1 пед.кеңешменин

чечими менен кабыл алынды

БЕКИТЕМИН

Мектеп директору: Исанова Ж.М

**Свердлов Районунун №87 жалпы орто билим берүү мектебинин үй тапшырмасынын берилиши боюнча ЖОБО:**

Окуучунун сабактан жетишпей жатканынын бир себеби үйгө берилген тапшырмалардын көптүгү болуп саналат. Заманбап мектептерде эң көп жүктөмдөр окуучуларга берилет. Копчулук окуучулар уй-тапшырмасын оз алдынча кыйынчылык менен аткаруудан чарчап калышат. Кээ бир учурда окуучулар мугалимдин тапшырмасын четке кагып, аткарбай коюшу мумкун, аткарса да толук эмес. Ушунун натыйжасында окуучунун баасы томондоп, программадан артка кала берет.

Көпчүлүк окуучулар уй тапшырмасын 1 же 2 саатта аткара алышат. Кээ бир ата-энелер балдарынын тапшырмаларын аткарууга жардам бериш үчүн кыйналышып, коп убактыларын көрөтүп коюшат. Ата-энелер кантип 1 же 2 саатта уй тапшырмасын аткарып койсо болот деп ойлонушат да, мугалимдер өтө көп жана татаал тапшырмаларды берип жатышат деп кунөөлөшөт.

## 1. Жалпы жобо:

1.1 Гигиеналык талаптарга ылайык 1-класстарды окуутуда кошумча талаптарды эске алуу керек. 1-класстардын окуучуларына баалоо ( баа же баллдык) жок болгондукта уй тапшырмасы берилбейт. Кээ бир ата-энелер балдарына көбүрөөк тапшырма берүүсүн суранышат. Мындай учурда мугалим балдардын каалоосуна жараша  көнүгүүлөрдү, ырларды жаттап келүүгө тапшырма берсе болот, бирок талап кылууга болбойт.

1.2 Санитардык эреже, нормативдик талап боюнча үй тапшырмасын ( бардык предметтер боюнча) аткарууга сарпталуучу убакыт төмөнкү сааттан (астрономиялык) ашпоого туура келет:

2-3- класстарга – 1,5 саат,

Сканировано с CamScanner

4-5- класстарга - 2 саат,

6-8- класстарга – 2,5 саат,

9-11- класстарга – 3,5 саат.

1.3 Үй тапшырмасын аткаруу балдардын физико-психологиялык өзгөчөлүктөрүнөн, темпиннен жанаи ишмердүүлугунон да көз каранды болот.

1.4 Үй тапшырмасын аткарып жаткан балдардын ден соолугуна, психологиялык абалына да көңүл буруу заарыл.

**2. Каникул же эс алуу күндөрүнө тапшырма берүүгө болобу?**

2.1 Окуучулардын толук кандуу эс алуусун камсыз кылуу үчүн каникул жана эс алуу кундөрүнө үй тапшырмасын аткарууга жол берилбейт.

2.2 Мугалим эс алуу күнүнө тапшырма бербейт.

**3. Өтүлө элек жаңы теманы үй тапшырмасына берүүнүн жолу:**

3.1 Мугалимдин чыгармачылык ишмердүүлүгүнө жараша өтүлгөн теманы кайрадан бекемдеп келүүгө берилсе болот. Мындай учурда окуучу өтүлгөн материал боюнча түшунүгү бар болгондуктан үй тапшырмасын кантип, кандай жол менен аткарууга женил болот. Ал эми бир жагынан алсак өтүлө элек теманы окуучулардын изилдөөчүлүк кызыкчыларын ойготууга түрткү берүү учун өз алдынча аткарып кеүүгө үй тапшырмасы катары да берсе болот. Анткени кийинки сабакта талкуулоо, салыштыруу менен кызыктуу сабак өтө алат.

Сканировано с CamScanner